# Ким Аллахтан башкага кудай деп дуба кылып жүрүп өлсө, тозокко кирет" - деди

Абдуллах бин Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир сөздү айткан, мен болсо андан башкасын айттым. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): " Ким Аллахтан башкага кудай деп дуба кылып жүрүп өлсө, тозокко кирет" - деди. Мен болсо: Ким Аллахтан башканы кудай деп дуба кылбастан өлсө, бейишке кирет - дедим.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким Аллах Таалага аткарыла турган кайсы бир ишти, мисалы Аллахтан башкага дуба кылуу, Андан башкадан жардам суроо сыяктуу иштерди кылса жана ошентип жүрүп дүйнөдөн өтүп кетсе, ал тозоктун тургуну болорун кабарлаган. Ал эми Абдуллах бин Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) буга кошумчалап, кимде-ким Аллахка эч нерсени шерик кылбай (Аллахтын өзүнө ибадат кылып) жүрүп дүйнөдөн өтсө, анын турагы бейиш болорун айткан.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3419